**Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасынын кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасы 1999-2000- окуу жылынан баштап иштеп келет. И. Арабаев атындагы КМПУнун Окумуштуулар кеңешинин 1999- жылы январдагы чечими ( 29.01.1999. протокол №4.) менен филология факультетинин негизинде Коомдук илимдер департаменти түзүлгөн (ДОН). Ал КМПУнун Табигый жана коомдук илимдер борборунун курамында болгон.

Коомдук илимдер департаментинде бир гана кафедра “Кыргызстан тарыхы жана жалпы тарых” кафедрасы иш жүргүзгөн. Департаментти профессор Э.Ж. Маанаев жетектеген.

2001 –жылдын 9-июнунда Табигый жана коомдук илимдер борборунун жоюлгандыгына байланыштуу ректордун №185/5 буйругу менен Коомдук илимдер департаменти өз алдынча түзүм катары коомдук адистерди даярдоо Борборуна айланган. Анда Борбордо 3 кафедра иштеген. Кыргызстан тарыхы өзүнчө кафедра болуп түзүлгөн.

2004 - жылдын апрелинде Коомдук адистерди даярдоо борбору Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институту болуп өзгөрүп Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөн.

Кыргызстан тарыхы кафедрасы өзүнүн окуу-методикалык, илимий ишмердүүлүгүн кеңейтип, Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы болуп аталган. 2007-2009 – жылдары кафедранын профессору А.А. Асанканов жана кафедра башчысы, доцент С.К. Алымкулованын Германиянын Тюбинген шаарынын Этнология институту, Франциянын Париж шаарындагы Социалдык изилдөөлөр институту, Социалдык антропологиянын Жогорку мектеби жана Кытайдын Үрүмчү шаарындагы Педагогикалык институту мененилимий-педагогикалык кызматташуулары арткан. Кафедранын эл аралык кызматташуулары түрдүү багыттарда, тактап айтканда: окутуучулар менен тажрыйба алмашуу, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, чет элдик кесиптештерге атайын курстарды иштеп чыгууга жанаталаа практикаларын өткөрүүгө көмөктөшүү багыттарында жүргүзүлдү.

2007- 2008 - жылдардапрофессор А.А. Асанкановдун жетекчилигинде кафедранын этнологдору Кытай Эл Республикасынын кыргыздар жашаган Кызыл-Суу автоном облусуна илимий экспедиция жургүзүштү.Кафедранын профессору Н.У. Курбанова Казан университети менен илимий-педагогикалык байланыштарды түздү. Н.У. Курбанова эл аралык деңгээлдеги конференцияларга активдүү катышууда. Ал Кыргызстанада конфессиялар аралык мамилелер боюнча серепчи, Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Коомдук байкоочу кеңешинин төрайымы, “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар” боюнча Мыйзамды иштеп чыгууда жумушчу топтун мүчөсү болуп иш алып барууда.

Кафедраны ар кайсы жылдарда кесипкөй адистер, тарых илимдеринин докторлору, кандидаттары, профессорлор, доценттер жетектеп турушту.

Алсак, 1999-2001-жылдары – т.и.д., профессор Маанаев Э.Ж., 2001-2002-жылдары – т.и.к., доцент Ч.К. Омурбеков, 2002-2003 – жылдары т.и.к., доцент З.И. Галиева, 2003-2005 – жылдары – т.и.к., доцент С.К. Алымкулова, 2005-2006 – жылдары –т.и.д., профессор А.А. Асанканов, 2007-2011 – жылдары –т.и.к., доцент С.К. Алымкулова, 2011-2013 – жылдары – т.и.к., доцент А.М. Джумабаева, 2013-2015 – жылдары –т.и.д., профессордун м.а. Н.У. Курбанова жетектеген. Азыркы учурда кафедранын башчысы – т.и.д., профессор А.Р. Жоошбекова.

**Кафедранын кадрлык курамы**

| **Кызматы** | **№ п/п** | **ААА** | **Окумуштуулук даражасы жана наамы** |
|---|---|---|---|
| Кафедра башчысы | 1. | ЖоошбековаАйнагулРысбаевна | т.и.д., профессордун |
| т.и.д., Профессорлор | 2. | КаанаАйдаркул | т.и.д., профессор |
| | 3 | Курбанова НазираУмаровна | т.и.д., профессор |
| | 4. | Асанканов Аблабек Асанканович | т.и.д., профессор |
| | 5. | Алымбаев Жээнбек Байыскулович | т.и.д., профессор |
| | 6. | Койчуманова Чолпон Урушбековна | т.и.д., профессор |
| | 7. | Алымкулова Сынару Кадыровна | т.и.д., профессор м.а. |
| | 8. | Усупова Назира Станбековна | т.и.д., профессордун м.а. |
| | 9. | Самиева Жамбила Дармановна | т.и.к., профессордун м.а. |
| т.и.к., доценттер | 10. | Жыргалбекова Гүлнара Карабаевна | т.и.к., доцент |
| | 11. | Курумбаева Гульнара Дауталиевна | т.и.к., доцент |
| | 12. | Зайниев Раушанбек Акимович | т.и.к., доцент |
| | 13. | Асекова Салтанат Урумовна | т.и.к., доцент |
| | 14. | Кожомуратова Бактыгул Жангабыловна | т.и.к., доцент |
| | 15. | Арзыбаев Тыныстан Кадырович | т.и.к.,доценттин м.а. |
| | 16. | Айтымбет кызы Айгүл | т.и.к., доценттин м.а. |
| | 17. | Алыкулова Гүлбү Корошовна | т.и.к.,доценттин м.а. |
| | 18. | Мамытова Алтынай Билаловна | т.и.к.,доценттин м.а. |
| Окутуучулар | 19. | АмантуруулуЧыңгыз | ага окутуучу |
| | 20. | Карыбекова Гулнура Эркинбековна | окутуучу |

Кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү жыл санап жакшырууда. Эгерде 2001-2002- окуу жылында окутуучулардын жалпы саны 37 болсо, 2009-2010-окуу жылында алардын саны 70 тен ашты. 2007-2008-окуу жылында илимдин кандидаттары менен докторлорунун саны жалпы педагогдордун 30,3% түзгөн болсо, 2009-2010-окуу жылында 42%, 2015-2016-окуу жылында кафедрада илимдин докторлорунун үлүшү 70%ке жетти. 2017-2018-окуу жылына карата кафедрада докторлодун үлүшү 56% жетти. 2023-2024-окуу жылына карата кафедранын жалпы сапаттык көрсөткүчү 90% түзөт.

## Окуу иштери жана окутуу багыттары.

Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы “Социалдык-экономикалык билим берүү”, “Тарых” адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарат. Кафедранын окутуучулары КМУнун курамдык түзүмдөрүнүн студенттерине “Кыргызстандын тарыхы” сабагынан лекцияларды, семинардык сабактарды беришет. Учурда Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен “Кыргызстандын тарыхы” сабагынан республиканын ЖОЖдорунун бардык адистиктеринин студенттери Мамлекеттик аттестация тапшырып жатканына байланыштуу бул сабакты окутуунун мааниси өстү жана ага болгон талап да күчөдү Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо, кыргыздардын жана Кыргызстанда жашап жаткан этностордун тарыхый мурастарын аздектеп терең окуп үйрөнүү аркылуу этностор аралык тынчтыкты, стабилдүүлүктү сактоодо бул сабактын мааниси абдан чоң. .

Кыргызстандын тарыхын үйрөтпөй туруп, жаштарга социалдык-экономикалык турмуштун мүнөзүн жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүгө болбойт. Бул сабактын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланбай ар тараптуу өнүккөн, компетенттүү инсанды, активдүү позициядагы жаранды тарбиялоого мүмкүн эмес.

Студенттерге лекцияларды тарых илимдеринин докторлору, профессорлор Курбанова Назира Умаровна, Усупова Назира Станбековна, Алымбаев Жээнбек Байыскулович, Жоошбекова Айнагул Рысбаевна, Алымкулова Сынару Кадыровна; т.и.к., профессодун м.а. Самиева Жамбила Дармановна, т.и.к., доценттин м.а. Асекова Салтанат Урумовналар окушууда. Кафедранын профессорлорунун эмгектери Кыргызстандын тарых жана этнология илими үчүн абдан маанилүү.

Биздин кафедранын профессорлорунун эл үчүн кылган кызматы коомчулук жана өкмөт тарабынан алгылыктуу бааланууда. Профессор Э.Ж. Маанаев 2008 - жылы “Манас” ордени менен, профессор А.А. Асанканов илим жана билим берүүдө областындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси, профессордун м.а. Н.С. Усупова И. Арабаев атындагы КМУнун юбилейлик медалы, Амантур уулу Чынгыз Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланышкан.

Профессордук-окутуучулук курам студенттерге “Социалдык-экономикалык билим берүү”, “Тарых” адистиктери боюнча бакалавриатта кафедрага бекитилген 16 дисциплиналар, 3 тандоо курстары боюнча сабактарды беришет.

Кафедранын магистратура бөлүмүндөгү магистердик программа: **“Тарых”.** Магистратура бөлүмүндө 103 магистранттар билим алышат. Аларга илимдин докторлору, профессорлор сабак беришет жана илимий изилдөөлөрүн жүргүзүүнүн методикасын үйрөтүшөт.

Магистранттарга:

- Азыркы Кыргызстандын идеология маселелери;
- Илимдин жана билим берүүнүн азыркы маселелери;

- Кыргызстандын XX- XXI  кк.социалдык-экономикалык өнүгүүсү;
- Дин азыркы Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда;
- XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башындагы Кыргызстандагы миграциялык процесстер темадагы атайын курстар окулуп, алар боюнча окуу-методикалык комплекстер түзүлгөн.

  Магистранттар илимий иштерге, конференцияларга, тегерек столдорго активдүү катышууда.

Кафедранын окуу-методикалык иштери студенттин инсандык сапаттарын калыптандырууга, дүйнө таанымын кеңейтүүгө, кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган.

Магистранттарга  Кыргызстандын тарыхын окуп үйрөнүү менен бирге өз изилдөөлөрүн жүргүзүп, кырдаалдарды жана кубулуштарды талдоо, прогноздоо үчүн алган билимдерин жана көндүмдөрүн колдоно билүүлөрү үчүн шарттар түзүлгөн.

Окутуучулук-профессордук курамдын мүчөлөрү окутуп жаткан предметтери боюнча окуу-методикалык комплекстерди, типтүү жана жумушчу жумушчу программаларды иштеп чыгышкан.

Студенттердин дипломдук, магистрантардын диссертациялык иштеринин темалары иштелип чыккан. Предметтер боюнча лекциялардын электрондук варианттары, электрондук окуу куралдары даярдалып жатат.

Мындан тышкары кафедрада 2023-2024-окуу жылынан тартып PJD докторантура бөлүмү ачылып бүгнкү күндө 11 докторант билим алып жатат.